**УДК 398.223(575.2)**

**ДУМАНАЕВА М.Г.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ, Бишкек*
**ДУМАНАЕВА М.Г.**
*КНУ имени Ж.Баласагына, Бишкек*
**DUMANAEVA M.G.**
*KNU named after J.Balasagyn, Bishkek*

# ЖЕҢИЖОК – УЛУУ ДААНЫШМАН ЖАНА НАСААТЧЫ

## Женижок – великий мудрец и учитель
## Zhenizhok- is a great sage and teacher

***Аннотация:*** *Жеңижоктун бардык ырларында адеп-ахлак, терең тарбиялык маани жатат. Акындын адептик ойлору, акыл тамчылары, ишеними жана түшүнүгү турмуш чындыгы менен жуурулушуп, келечектин татыктуу муундарын тарбиялап келет. Анын мурастарынын баалуулугу философиялык жана педагогикалык көз караштa чагылдырылганында. Бул макалада акындын чыгармаларындагы педагогикалык, философиялык, социалдык, гумманисттик идеяларын ачып берүүгө аракет кылдык.*

***Аннотация:*** *В стихотворениях Женижока придается глубокое значение теме нравственности и воспитания. Поэтические нравственные мысли, наставления, вера и понятия сливаются с реальностью и воспитывают достойное поколение будущего. Ценность его наследия в том, что оно отражает философские и педагогические взгляды акына. В этой статье мы пытались выявить в трудах поэта педагогические, философские, социальные и гуманистические идеи.*

***Annotation:*** *All the works of Zhenizhok raise the topic of high morality and educational value. Poetic moral thoughts, teachings, belief and perception merge with reality and educate a worthy generation of the future. The value of his heritage reflects the philosophical and pedagogical views. In this article, we tried to reveal pedagogical, philosophical, social and humanistic ideas in the writings of the poet.*

***Туйундуу свздвр:*** *Насаатчы, көрөгөч, тарбиялык маани, философиялык көз караш, курч ойлор, сабаттуу, ой калчоо, шайкеш.*

***Ключевые слова:*** *учитель, дальновидный, воспитательное значение, философский взгляд, критическое мышление, грамотный, мозговой штурм, совместимость*

***Key words****: teacher, forward-looking, educational value, philosophical view, critical thinking, competent, brainstorm, compatibility*

Даанышман акын Женижоктун бардык чыгармаларынын тарбиялык, адеп-ахлактык мааниси терец. Анын баалуулугу философиялык жана этнопедагогикалык коз караштагы курч ойлор менен чагылдырылганында. Акындын насааттары, акыл тамчылары, нуска кептери, адептик ойлору, ишеними жана тушунугу элдик акылмандык, турмуш чындыгы менен жуурулушуп, ез турмушубузда ар убак жардамга келип, асыл сапаттарга ундеп турат. Женижок сабаттуу акын болгону жалпыга белгилуу. Ошондуктан ал ез ырларын кагазга тушуруп, жаза жургену баарыбызга маалым. Ал тургай:

Алтындын кени жерде эле,
Алтымыш куну айтсам да
Акындык кени менде эле.
Арманга баткан муц калды,
Аз кыргызым окууга
Ак куржун толо ыр калды -

деп жазган ырларын кандай куржунга салып, аздектеп, жыйнап жургену ену-тусуне, келемуне чейин баса керсетулет. [3]

Акындын адам жана жаратылыш, ата-журт, ескен жер маселеси боюнча философиялык маанайдагы керкем ой-жугуртуулеру кезге даана урунат. Бул ырларынын катарына: “Балалык”, "Аккан суу”, “Дунуйе", “Замана”, "Уй-буле", “Жер соорусу Аксы экен” ж.б. ырлары кирет.

Женижок да белек акындардай емур менен елум, жаштык менен карылык, жаман менен жакшы ендуу тубелук келишпес тушунуктер женунде терец ой калчап, колунан келишинче ез тушунугун ырларында чагылдырган. [4]

Женижоктун "Балалык” аттуу келемдуу ыры илгертеден бери элде жашап келе жаткан классикалык ой-санааны поэтикалык жалпылаштырган лирикалык чыгарма. “Балалык” Женижоктун табиятына мунездуу текмелук ыкма менен айтылып, элдик оозеки чыгармачылыктын формасына салынган.

Биз азыркы мезгилде окуп, уйренуп, изилдеп жаткан курак жана педагогикалык психология женунде акын ошол мезгилде эле тушунук берип, адамды курактык мезгилдерге белуштуруп, алардын мунезунен, психологиялык абалынан, дене тузулушунен кабар берет. Мисалы:

Бир жашында билбеген,
Эки жашар болгондо,
Энесине эркелеп,
Ыйлап журген балалык.
Тертке жашы барганда,
Танга маал торгойдой,
Сайрап турган балалык.
Бешке жашы барганда,
Аккан сууну бойлошот.
Кой дегенге болбостон,
Балчык кечип ойношот -

деп, балдардын кылык-жоругун, мунезун гана сереттебестен, алардын анатомия-физиологиялык езгечелуктеруне токтолуп етет.

Жаш курактын илимий негизин куруу максатында физиологдор, морфологдор, биохимиктер, педагогдор,

психологдор ж.б. катышуусунда еткерулген илимий-теориялык симпозиумдарда байма-бай куракты шарттуу турде мезгилдерге белуштуруп келишет. Ал эми Женижоктун “Балалык” ырында ошол белуштурулген курактык езгечелуктер менен берилгендиги акындын керегечтугунен, терец билиминен кабар берет.

Эз учурунда баркталбай еткен емур, жаштык кез акын тарабынан ушинтип кол жеткис деелет катары бааланып, ырга салынат.

“Балалыкта” акын “илеби музду эритер” жаштык кезди айтып гана чектелбейт, акын мында тарыхты козгоп, кыргыз элинде илгери кыйын саяпкерлердин, сынчы, ырчылардын еткенун айтып келип:

Сары таман кулукту
Сары аязга суутуп
Саяпкей, тапкей сынчы еткен.
Сакалын кудай агартып,
Санат ырды кеп айтып,
Кушчудан Сартбай, Чонду еткен.
Араба журет кец жолдо,
Айтып керген ар сезду
Акын чыккан Нурмолдо.
Аралаш болуп башынан
Айтышып келдик ар жолдо.

Андан ары акын Майлыкожо, Куланчак, Иренчек, Айдаралы, Аттокур, Терекул сыяктуу акындардын еткенун, бирок булардын эч кимиси жаштыктын жакшы мезгилин, балалыктын баалуу учурун ырга кошуп, элине жар салбаганын айтат. Бул оюн мындай корутундулайт:

Азыркы кунде майда ырчы,
Алтын деелет жаштыктын
Асылын билбейт баарысы.
Акын Эте абандын,
Айтып турган чагы ушу -

деп текмелукке салып, балалыктын эч нерсеге алмаштыргыс езгечелуктеру тууралуу бийик эргуу менен

ырдайт. Жецижоктун даанышмандыгы жана улуу насаатчы экендиги ушул ырында билинет. Мында акын адам емурунун бир жаштагы курагынан баштап жузге чейинки бутун емур жолу езунун ар бир курактык езгечелугу менен кецири мунезделет. Акын дацазалаган “ашык сезду суйлеген, айтылган кепке кенбеген, анык деелет балалык" он уч гана жашка чейин. Мында бала:

Куулук менен иши жок,
Кубанып айтат билгенин.

Ал эми он терттен баштап балалык дооран токтоп, езунун усту-башына кез салып, зымпыйган жигит болуп чыга келет.

Он тертке жашы келгенде,
Дердейип калат кичине. [4]

Ошентип, акын он терттен жыйырма бешке чейинки жигиттик гулдеген мезгилди ашыра дацазалап отурат. “Илеби музду эриткен” курак ушул жыйырма беш жаш. Бул ыр сабында да салыштыруунун негизинде терец философиялык ой камтылып турат. Мында адам кадимкидей оозго алынып, элине тааныла баштайт. Анан “оор басырык” отуз жаш келет, кеп етпей кырсыктын кыры керунет. Жецижок муну балалыктан ат чабым алые кеткен кез катары карап, эми еткен емурге мунайым менен аяр мамиле жасайт. Жетимиш жашка чейин балалыктын кол жеткис алые кеткенин айтса, эми:

Жетимиштин езунде
Кара сакал ак болот.
Калп айткан менен болобу,
Кайта турган чак болот -деп карылык эле эмес, елумду

езуне баш ийип калганын билдирет. Мында Жецижок кыйла реалдуу тушунугу бар философ акын катары керунет. Жетимиштен ары Жецижок Токтогул сыяктуу карылыкты суреттеп отурат.

Токсонго барсац тозорсуц,
Толукшуган емурду
Токтолбосоц жокторсуц.

Арыбасац жузге чыгарсьщ,
Асылжан менен коштошуп,
А дуйне кездей жыларсьщ.

Даанышман акын балалыктан кол узуп, карылык келип кыйнады деп нааразы болуу жарабайт, баарына канагат кылыш керек экенин айтат.

Эмурду аз деп чанганда,
Жарыкчылык дуйнеге
Келбей койсоц кантмексиц?
Бул емурдун кызыгын
Кербей койсоц кантмексиц?

Ырдагы акындын негизги айтайын деген ою мына ушунда. Бир гана келчу емурду ернектуу еткеруу - адамдын адамдык милдети.

“Балалык” - Жецижоктун даанышман акын катары философиялык-педагогикалык терец ой-чабытын мунездеген келемдуу чыгармаларынын кеч башы. Ал эми Жецижоктун санат ырлары идеялык-керкемдук жактан чоц чеберчиликте иштелген, ез алдынча айырмаланып турган, адам баласын ички руханий жан дуйнесунун ыймандык тазалыгына ундеген философиялык ой-толгоолор, башкача айтканда “кут табуунун илими” деп койсо да болот. [2]

Табият керунуштеруне болгон акындык жеке мамилени билдирип, философиялык ой-чабытын чагылдырган акындар кыргызда кеп болгон. Аккан суу женунде алты кун айтып тугете албаган даанышман акындар жашаганын бардыгыбыз билебиз. Жецижок да акындык поэзиядагы бул салтты ез алдынча улантты.

“Аккан суу” - Жецижоктун табият сырын чечмелеген философиялык терец маанилуу ырларынын эц келемдуусу болуп саналат.

Жецижоктун жаратылышты, анын ичинде айрыкча аккан сууну сураттегену философиялык жактан бугунку кунге чейин изилденип келет. Акындын философиялык ецуттегу ырлары, бир жагынан байыркы грек философтору Фалес, Гераклиттин, экинчи жагынан, лирик акын Барпы

Алыкуловдун поэтикалык идеяларына окшошуп кетет. Албетте, улуу акын аталган инсандардын мурастары менен тааныш болгон эмес. Бул керунуш философиялык ой-толгоонун жалпы, обьективдуу мунезун дагы бир жолу далилдеп отурат.

Байыркы грек материалисттери сыяктуу даанышман акын да жаратылышты белуп-жиктеген эмес. Ал учун жаратылыш - бир бутун. Акындын кез карашында да коом менен жаратылыш кескин карама-каршы коюлбайт, тескерисинче, бири-бирине окшоштурулуп, жалпы жактары такталып, жаратылыш "адамдаштырылган". Фалес бардык нерсе суудан келип чыгат жана сууга айланат десе, ушул эле пикирди Женижок ыр менен:

Эмур отун тутантып,
Жагып чыккан аккан суу...
Ажал жетип елгенун
Ак кепинде аруулап,
Жууп турган аккан суу -
деп билдирет.

Демек, адам жарык дуйнеге суу менен келип, бул жалгандан да анын жардамы менен кетет.

Ал эми Барпы менен Женижоктун аккан суусунда окшоштуктар бар. Экеенде тец жашоонун мурегу - жер. Тоо койнунан жайнап чыгып, жер, ааламдын баарысын багып чыккан бир гана аккан суу. Эки акын тец аккан суунун элге келтирген пайдасын баяндап келип, ага ыраазычылык билдирет.

Акындын пикиринде жаратылыш езу эле эмес, анын адамга келтирген пайда-зыяны жана адамдын ага карата мамилеси аркылуу баалуу, нарктуу. Алсак, аккан суу жен эле табият берген суюктук катары эмес, "келдегу балыгы", "койкоюп сузген каздары" менен керктуу. [7]

Даанышман акын жети кун, жети тун айтып бутпеген "Аккан суу" ырында табиятты жандуу деп, ыйык тутуп, аны менен эриш-аркак жашап келген кыргыздын улуу дуйне таанымынын терендигин, даанышмандыгын айткан. [4]

Анда аккан суу эле эмес, шаркырап дуйне да агат. “Артынан жоо кууган сып, кечкенун керчу дуйненун, кирген суудай шаркырап, акканын керчу дуйненун, тугенбеген мезгилден, ашканын керчу дуйненун" - дейт улуу акын. Демек, аккан суу бул жалац эле суу эмес, аккан дуйне. Энугуп, езгеруп, кубулуп, кыймылдап турган кубулуш. Женижок ошонун баарын кекурегуне батырган, нарк катары алдейлеп сактаган, рухий жан байлык катары сез берметтерин ыр менен шекеттеп байыртан келаткан салтты, жолду, наркты калкка жеткирген улуу инсан.

Акындын “Аккан суу” деген ыры женундегу теменку ой-пикирлерге кенул тешесек:

“Бардыгы етет, кыймылсыз эч нерсе жок”. Бул пикирди айкындоо учун езгеруп туруучу дуйнену агын дарыя менен, ал тургай шар суу менен керкем салыштырууну пайдаланат. “Женижоктун чыгармаларында суу керуп турган кадимки суу эмес, аккан суу, шаркырап аккан суу , башкача айтканда, тубелук кыймылдагы тиричиликтин башталышы. Суунун бууланышы абаны тоюнтат, анан жамгыр аркылуу суу кайра кайтып, жерге синип, булактар агып чыгат. Бардык нерсе кыймылда...”. [2]

“Аккан сууну” философ Чоюн Эмуралы уулу минтип чечмелейт:

“...Жер устунде ийкемдуу сенден жумшак эмне бар? Учуц учсуз, тубуц тупсуз, кылаан жатат кыйырсыз. Дымый берип шар берет, жыйрылат да зыр берет. Жети каттан желип етет. Буу болот да кекке айланат, суу болот да кайра агат. Тумен емур жайнап чыгат, туркун иштер кайнап чыгат. Жандуу менен жансыздын баарына тец аккан суу! Жер менен кек арасы ойноп турган аккан суу. Ону дагы солу жок, туйлап турган аккан суу.

...Тараза жылдыз белунуп, ой-тоонун баары керунуп, сурулуп жылдыз качканын, танкы Чолпон батканын, езенден ак шамал журуп ыркырап, суудан кара буу чыгып буркурап, асмандан жылдызы качып дыркырап турган саатын

туйлатып, типтируу кармап, шыргалан-оту менен журегуне буркуп, буркуп турбайбы кайран Эте!
...Ушул саптар арасында не деген дуйне жатат. Аста кулуп шынк этип, алтындан иймек сейкесу кулагында жылт этип, кыз кылкылдайт бул сууда. Ай тамагын кылайтып, аркардай танын булайтып, “секетим” деп ырдап, аккан суугa сыр айтып, енун суудан каранып, тоту куштай таранып, ай келин калкыйт бул сууда. Ак сакалын жайкалтып, аста суйлеп нарк айтып, чал калкылдайт бул сууда. Секин басып чайпалып, отурганда “белим” деп, чочуганда “эрим” деп, кемпир агат бул сууда. Баары агат... агат... Байыртадан бери агат...
Тиктеп турат байкасам, Калыбынан жазбаган Канаты бар аккан суу... Бул - Женижок акын аркылуу агып келген кыргыз руху.
“Аккан суу” - Женижоктун аалам кубулушу, табият керунушу менен жаратылыш сырлары женундегу философиясынын жогорку жеткен чеги.

Жер бетинде тиричилик улаган ар бир жандуу нерсе, жаныбарлар менен жансыз буюмдар, есумдуктер менен башка табият белукчелеру аккан суунун артынан гана кун керуп отурат, “жер, ааламдын баарысын багып чыккан аккан суу" - мунун далили. Булардын емуруне суунун берген пайдасы езгече баалуу: Ак кыянын боорунан, Агып чыккан аккан суу. Эмур отун тутантып, Жагып чыккан аккан суу. Эмур отун жаккан нерсеге емур бою милдеткер болсо аздык кылат, муну даанышман акын жакшы тушунген. Ай аккан суу, аккан суу, Ай-ааламды баккан суу. Сыр-Дайрадан кец туруп, Сыр аякка баткан суу. [1]

Акындын философиясы балким дал ушундайдыр, а балким “зоодон сынбай бир жери, кулап тушкен аккан суу, аяк башын кулатпай, улап тушкен аккан суу” деген саптарында жаткандыр. Сынчы Ш.Уметалиев жазгандай: “Эргип алган акын асман-жердин арасын кен-кесир чабыттап, бардыгына емур берип жаткан аккан сууну кекелете кетеруп, керкем сез берметтеринин уйер менен селин жургузуп жиберет”.

Акын аалам женундегу терец философиясын айтуу менен табиятына тубунен мунездуу болгон санат-насыятын да кошо табыштайт. Аккан суу бир гана есумдуктер менен жаныбар-макулуктарга емур берип чектелбейт, ал - адам емурун гулдете турган езгече улуу керемет. Адам ага астейдил, таза мамиле жасаганы талап кылынат, аны сарамжал пайдалануу керек. Женижоктун философиясынын экинчи бир багыты ушунда.

Адамзат пендеси, Аккан
сууну булгаба! Суу
сыйлаган зор болор, Суу
кордогон кор болор!.

Суу женундегу бул келемдуу чыгармасында Женижок анын пайдалуу жагын гана айтып отуруп албайт. “Ирик менен чирикти, таза кылган аккан суунун” кыйраткыч зыяндарын да баяндап берет.

Жердин жузун термелтип
Каарданып киргенде,
Ылдый кездей сургенде,
Капчыгайга толгондо,
Кандап барган мал-жанды
Ажыдаардай соргондо,
Кунгейдегу таш агып,
Аю, жолборс, сулеесун
Туш келгендин баары агып,
Кепурелер дагы агып,
Кечип кирген мал агып,
Байкабаган жан агып

Бузуп еткен кыяны,

Бул аккан сунун зыяны. [6]

Бул Жецижоктун окуяларга реалисттик кез караштагы мамиле жасаганын дагы бир жолу далилдейт.

Поэтикалык дастан катары баалана турган бул чыгарма жалац эле суу женунде айтылган деп бутум чыгаруу бир жактуу болоор эле. Даанышман акындын терец философиясынын дагы бир жагы - "Аккан сууда" жылдын терт мезгилиндеги табият кубулуштарынын маани-манызынан ейде элестуу, ары ыраттуу суреттеп бергенинде.

Жогоруда биз акындын философиялык ойлорду камтыган терец маанилуу айрым гана ырларына токтолдук. Билгичтик менен кынап, тажрыйбадан жаралган ушундай маанидеги адам жана жаратылыш, замана, дунуйе, емур, уй-буле темасына арналган адеп-ахлактык терец философиялык чыгармалары дагы канча дейсиц...

Демек, улуу даанышман жана насаатчы акын Жецижоктун баа жеткис рухий мурастарын кездун карегиндей сактоо жана жалпыга жеткируу иши - бул бардыгыбыздын ыйык парзыбыз.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Акындар сериясы. Залкар акын - Жецижок. "Шам" басмасы, 1999.
2. Жаныбеков Ж. Даанышман ойчул. 1991.
3. Жецижок. Ырлар. 1982.
4. Жусупбеков А. Жецижок. 2006.
5. Жусупов К. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. 1-том. 1999.
6. Мурас. Тузген Абдылдаев М. / Ф. Кыргызстан. 1990.
7. Субанов К. Жецижоктун чыгармачылыгындагы эстетикалык ой жугуртуулер. 2008.


***Рецензент:*** **Токушева Т.** - филология илимдеринин кандидаты, Ж. Баласагын атындагы КУУнун доценти.